**ЖУМАГҮЛ РАЙЫМЖАН КЫЗЫ - НУРСАНАТ**

с.Жылдызбек Турсунбаев
о. Эрбол Байырбеков

Мээнетти сүйүп аркалап,
Мезгилди баала калкалап.
Алмашкыс ушул өмүрдө,
Ар күнүң билсең салтанат...

Болбоско сыздап кейибей,
Болгондо тарып кемибей.
Кылымга өчпөс из калтыр,
Кызматың арнап элиңе эй!

**КАЙЫРМА:**
*Кеменгер ойду асырап,*
*Кел бийге досум бактыраак!*
*Жериме майрам-шаң толуп,*
*Жашасын элим бакубат!*

Арманга көздү жашытпа,
Атакка дароо ашыкпа!
Жеткилең болсо максатың,
Жетесиң бир күн бакытка...

Алданбай куру кыялга,
Абийириң эстен чыгарба!
Адамдык сапат – эң кымбат,
Ак сүйүү менен сый арна!

**КАЙЫРМА:**
*Кеменгер ойду асырап,*
*Кел бийге досум бактыраак!*
*Жериме майрам-шаң толуп,*
*Жашасын элим бакубат!*